
Х. Жээнбаев атындагы мектеп - лицейи

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2017-жылдын 27-апрели № 63

# Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө



**Соцпедагог: Молдоева Г.Б.**

Сканировано с CamScanner

«Бекитемин»
Директор: Сулайманов Ж.М.
15.01 2020.

# Үй – бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө өтүлүүчү иш чаралардын планы

| № | Иш чаралардын мазмуну | Моонөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1. | Үй – бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө иш чаралардын планын түзүү жана бекитүү | Сентябрь | Администрация<br>Соцпедагог<br>Класс жетекчи |
| 2. | Үй – бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо законуна ылайык окуучулардын тизмесин тактоо жана мониторинг жүргүзүү. | Сентябрь<br>Жыл бою | Соцпедагог<br>Класс жетекчи<br>ЖОИнин инспектору |
| 3. | Үй – бүлөлүк зомбулуктан алдын алуу жана ага бөгөт коюу боюнча ата – энелер (аларды алмаштыруучу адамдар) жана тарбиялоо программаларын иштеп чыгуу. | Октябрь | Тарбия завуч<br>Соцпедагог<br>Класс жетекчи<br>Ата - эне |
| 4. | Окуучуларды "Үй – бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо закону" менен тааныштыруу жана класстык сааттарды өткөрүү. | Октябрь<br>Ноябрь | Соцпедагог<br>Класс жетекчи |
| 5. | Ата – энелер чогулушун өткөрүү. | Ай сайын | Администрация<br>Соцпедагог<br>Класс жетекчи |
| 6. | Адам укуктарынын контекстинде, үй – бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселери жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. | Ноябрь<br>Декабрь | Соцпедагог<br>Класс жетекчи<br>ЖОИнин инспектору |
| 7. | Күндүзгү, түнкү, майрам жана каникул күндөрү "ар кандай турмуштагы" үй – бүлөлөргө баруу, рейддерди уюштуруу, актыларды толтуруу. | Күндүзгү, түнкү, майрам жана каникул күндөрү | Тарбия завуч<br>Соцпедагог<br>Класс жет.<br>Ата - эне |
| 8. | "Биз үй – бүлөлүк зордук – зомбулукка каршыбыз!" деген тренинг – семинар өткөрүү. | Февраль<br>Апрель | Тарбия завуч<br>Соцпедагог<br>Класс жетекчи<br>Ата - эне |
| 9. | Үй – бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жылдык отчёт түзүү | Май | Администрация<br>Соцпедагог<br>Класс жетекчи |
| 10. | Окуучунун жайкы каникулу. Үй – бүлөлүк бюджет. Баланын эмгеги. Үч тараптуу келишим түзүү (окуучу – мектеп – ата – эне). | Июль<br>Август | А/Ө соцкызматкери<br>Соцпедагог.<br>Класс жетекчи.<br>ЖОИнин инспектору |

Сканировано с CamScanner

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2017-жылдын 27-апрели № 63 **(6 – глава, 25 – берене)**

### Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө

2017-жылдын 16-мартында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши
тарабынан кабыл алынган

### 1-глава. Жалпы жоболор

#### 1-берене. Негизги түшүнүктөр

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:

1) **коопсуз жер** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын же анын мыйзамдуу өкүлүнүн пикиринде бул адамдын өмүрүнө же ден соолугуна кооптуулук болбогон аймак же жай;

2) **консультациялык-алдын алуу борбору (кризистик борбор)** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык-психологиялык, ошондой эле укуктук, медициналык жардам көрсөтүүчү уюм. Консультациялык-алдын алуу борборунун алдында баш калкалоо жайы түзүлүшү мүмкүн;

3) **коргоо ордери** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тартуучуга мамлекеттик коргоо берүүчү жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга карата ушул Мыйзамда аныкталган таасир этүү чараларын колдонууга алып келүүчү документ;

4) **үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тартуучу** - үй-бүлөлүк зомбулук жасалган үй-бүлө мүчөсү же үй-бүлө мүчөсүнө теңештирилген адам, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулукка күбө болгон жашы жете элек адам;

5) **этибарсыз мамиле** - үй-бүлө мүчөлөрүнө же үй-бүлө мүчөлөрүнө теңештирилген адамдарга камкордук көрүү боюнча милдеттерин атайылап аткарбоо;

6) **үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу** - үй-бүлөдөгү зомбулукту токтотууга, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын өмүрүн, ден соолугун, ар-намысын жана кадыр-баркын сактоону камсыз кылууга багытталуучу чаралар;

7) **үй-бүлө мүчөлөрүнө теңештирилген адамдар** - иш жүзүндө нике мамилелеринде турган адамдар; эмгекке жарамсыз же жашы жете элек багуудагы адамга камкордук кылуучу адам жана эмгекке жарамсыз же жашы жете элек багуудагы адамдын өзү; жубайлардын ата-энелери; бирге жашаган башка туугандар;

8) **үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу (эскертүү)** - үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттери тарабынан жүзөгө ашырылуучу, үй-бүлөлүк зомбулук жасоо кооптуулугун жарата турган себептерди жана шарттарды табууга, четтетүүгө багытталуучу социалдык, укуктук, медициналык, психологиялык, агартуучулук, маалыматтык жана башка чаралардын тутуму;

9) **психологиялык зомбулук** - дене-бойлук, сексуалдык, экономикалык зомбулук жасоо коркунучу, ошондой эле ар-намысты жана кадыр-баркты атайылап басмырлоо, өмүргө коркунуч келтирүүчү же психологиялык, дене-бойлук саламаттыктын бузулушуна, ошондой эле жашы жете элек адамдардын катташуу укугун чектөөгө алып келүүчү укук бузууларды же жосундарды жасоого мажбурлоо;

Сканировано с CamScanner

10) **үй-бүлөлүк зомбулук -** үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата дене-бойлук, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайылап жасаган аракеттери же алардын коркунучу, ошондой эле этибарсыз мамилеси;

11) **социалдык кызмат -** уюштуруучулук-укуктук формасына жана менчигинин түрүнө карабастан, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык кызматтарды көрсөтүүчү жана жардам берүүчү уюм, мекеме;

12) **баш калкалоо жайы (үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар үчүн убактылуу жашап туруу борбору) -** үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга коопсуз, убактылуу жашап туруу жайын берүүчү уюм. Баш калка жайлар аялдар жана эркектер үчүн өзүнчө уюштурулат;

13) **дене-бойлук зомбулук -** үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата түздөн-түз же кыйыр түрдө атайылап дене-бойлук таасир этүүсү, өтө маанилүү жашоо-турмуш функцияларын аткаруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуусу, башка жерге көчүү эркиндигинен, турак жайдан, тамак-аштан, кийимден ажыратуусу же чектөөсү, оор кара күч эмгегине мажбурлоосу, ошондой эле багуу жана кам көрүү милдеттеринен баш тартуусу;

14) **үй-бүлө мүчөлөрү -** жубайлар, ата-энелер жана балдар, чоң энелер/чоң аталар, таяталар/таянелер, неберелер, камкорчулар/көзөмөлчүлөр жана камкордукка алынгандар, бала асырап алуучулар жана асырап алынгандар, багып алган ата-энелер жана багууга алынган балдар, мыйзамда белгиленген тартипте балдарды тарбиялоого алган башка адамдар, мурдагы жубайлар, өгөй энелер/өгөй аталар жана өгөй балдар, бир туугандар (толук же аталаш/энелеш), иш жүзүндөгү тарбиялоочулар жана иш жүзүндөгү тарбияланууучулар;

15) **экономикалык зомбулук -** үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүн/ага теңештирилген адамды багуу боюнча милдеттерин атайылап аткарбоосу, ошондой эле адамды ага мыйзам боюнча таандык болгон мүлктү же кирешелерди алуу же тескөө укугунан атайылап ажыратуу же чектөө жана/же ишенимдүү адамдын мүлктү же кирешелерди ишеним көрсөтүүчүгө зыян келтирүү менен пайдалануусу.

**2-берене. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары**

**3-берене. Ушул Мыйзамды колдонуу чөйрөсү**

**4-берене. Ушул Мыйзамдын принциптери**

**5-берене. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын укуктары**

**2-глава. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттер**

**6-берене. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттердин чөйрөсү**

**7-берене. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ыйгарым укуктары**

**8-берене. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттердин ишин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган**

**9-берене. Прокуратура органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ыйгарым укуктары**

Сканировано с CamScanner

3) окуучуларга, ата-энелерге жана аларды алмаштыруучуларга үй-бүлөлүк зомбулукка жол бербөө жана андан сактоо жана коргоо боюнча чаралар жөнүндө маалымат берет;

4) үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган окутулуучулардын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жана жардамга муктаждыктарын эсепке алууну, мониторингди жана талдоону жүргүзөт;

5) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу башка субъекттер менен ара аракеттенет;

6) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча өз компетенциясынын чектеринде башка иштерди жүзөгө ашырат.

**14-берене. Юстиция органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары**

**15-берене. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары**

**16-берене. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары**

**17-берене. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары**

**18-берене. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары**

**19-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ыйгарым укуктары**

**20-берене. Аксакалдар сотторунун үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары**

**21-берене. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу жалпыга маалымдоо каражаттарынын ыйгарым укуктары**

**22-берене. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоого коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын жана жарандардын катышуусу**

**3-глава. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону камсыз кылуу**

**23-берене. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу (эскертүү)**

**24-берене. Үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу**

**25-берене. Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө кайрылуу фактыларына ички иштер органдарынын реакция кылуу аракеттери**

**26-берене. Коргоо ордерин берүүнүн негизи**

**27-берене. Коргоо ордерин берүү жана узартуу**

**28-берене. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан он торт жашка толо элек адамдарга же сот аракетке жөндөмсүз деп тааныган адамдарга карата коргоо ордери**

Сканировано с CamScanner

**29-берене. Коргоо ордеринин шарттары**

**30-берене. Үй-бүлөлүк зомбулукка байланышкан иштер боюнча сотко кайрылуу**

**31-берене. Доо арызын берүүнүн жана кароонун мөөнөттөрү**

**32-берене. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам сотко кайрылууга укуктуу болуучу талаптар**

**33-берене. Соттун чечимин аткаруу**

**34-берене. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүү**

**35-берене. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын укуктары**

**4-глава. Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча статистикалык эсепке алуу жана отчёттуулук**

**36-берене. Үй-бүлөлүк зомбулук учурларын статистикалык эсепке алуу**

**37-берене. Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө статистикалык отчёттуулук**

**5-глава. Ушул Мыйзамды аткарбагандык үчүн жоопкерчилик**

**38-берене. Ушул Мыйзамды аткарбагандык үчүн жоопкерчилик**

**6-глава. Корутунду жоболор**

**39-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кирүүсү**

1. Ушул Мыйзам ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган жоболорду кошпогондо, расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2017-жылдын 9-майында № 56 (2781) жарыяланды*

2. 11-березенин 2-бөлүгүнүн 4-пунктунда; 19-берененин 2-бөлүгүнүн 2-пунктунда;

24-берененин 1-бөлүгүнүн 5-пунктунда; 29-берененин 3-бөлүгүндө, 35-берененин 1-бөлүгүндө (консультациялык-алдын алуу борборлорунда (кризистик борборлордо) жана баш калкаларда жардам алуу укугун ишке ашыруу бөлүгүндө) жана 35-берененин 3-бөлүгүндө каралган жоболор 2018-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

3. Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарын жана ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтиргенге чейин алар ушул Мыйзамга каршы келбеген бөлүктөрүндө колдонулат.

4. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын: 1) "Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык укуктук коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 25-мартындагы № 62 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., № 6, 238-ст.); 2) "Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү чөйрөсүндө айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 6-июлундагы № 99 Мыйзамынын 15-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2016-ж., № 7, 817-ст.). 5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү алты айлык мөөнөттөн кечиктирбестен өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Сканировано с CamScanner

## Зомбулукка каршы мыйзам колдоо күтөт

Кыргызстанда укук коргоочулар президентке кайрылып, "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо" жөнүндөгү мыйзам долбоорун колдоп берүүгө чакырышты. Алардын белгилөөсү боюнча, бул мыйзам кабыл алынса, үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук азайып, анын алдын алууга мүмкүнчүлүк түзүлмөк. 17-мартта парламенттин макулдугун алган мыйзам долбоору учурда президенттин кароосунда турат.
Кыргызстанда буга чейин деле адам укугун, балдар укугун, аялдар укугун коргоого арналган мыйзамдар кабыл алынган. Укук коргоочулар бул мыйзамдар толук кандуу иштебей жатканын белгилеп келет. Ошондуктан, 17-мартта Жогорку Кеңеш экинчи окууда кабыл алган "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо" жөнүндөгү мыйзам долбооруна негизги үмүт артылууда.

"Балдар укугун коргоо" лигасынын жетекчиси **Назгүл Турдубекованын** айтуусунда, мыйзам үй-бүлөгө коомчулуктун кийлигишүүсүн камсыздап, жергиликтүү бийликтин жоопкерчилигин көтөрөт: - *Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча бүгүнкү мыйзамдарда жергиликтүү бийликтин жоопкерчилиги жок. Айыл өкмөт, айыл же квартал башчылары кандайдыр бир көйгөй же кылмыш болсо, министрликтерге жиберип коюп, өздөрү көңүл бурбайт. Алар мындай көйгөйлөрдү көйгөй деп эсептебейт. Бул мыйзам ишке кирсе, коңшулар менен айылдаштардын, мугалимдердин үй-бүлөдөгү зордук-зомбулукка аралашуусуна шарт түзүлөт. Ар бир адамдын, эненин, баланын жана карынын укугу корголот деп ишенебиз.*

Президенттин кароосунда турган мыйзам долбоору зомбулукка дуушар болгон бардык курактагы адамдардын укугун коргоого багытталган.

**Суицидди токтотууга болот**. Мектеп курагындагы балдардын арасында суицид күч алганын белгилеген активисттер эгер мектептеги мугалимдер, айылдаштары, коңшулары, классташ курбулары алардын тагдырына кайдыгер карабаганда, балдар өз өмүрүн кыюуга бармак эмес деп белгилешет. Сокулук районундагы №1 орто мектепте бейөкмөт уюмдардын көмөгү менен балдарга жардам берүүчү атайын уюм ачылган. Аны окуучулар уюштуруп, "үй-бүлөсүндө көйгөй бар" деп саналган окуучулар менен иш алып барат.

Активист окуучулардын бири **Арген Шергазы уулу** үй-бүлөдөгү атмосфера, балдарга жасалган мамиле алардын түнт тартып, сабакка көңүлү чаппай калышына алып келет деген пикирде: - *Андай балдар көзгө дароо эле урунат. Аларды теңтуштары кабыл албайт, "ата-энеси мындай, өзү андай" деп бөлүп турушат. Биз болсо балдарды тренингдерге чакырып, өзүбүзгө аралаштырууга аракет кылабыз. Аларга акырындык менен жакындап, дос катары мамиле кылып, ичиндеги көйгөйүн айтууга көндүрөбүз. Балдар өз көйгөйүн мугалимдерге айтпайт, алар кайра ата-энесине телефон чалып, айтып коет деп чочулашат. Теңтуш болуп сүйлөшүп турсаң, оңой ачылат. Эң кыйын учур - ата-энелер менен иштөө. Алар бизди "силер эмнени түшүнмөк элеңер?" деп кагып же таптакыр эле эшигин ачпай, сүйлөшпөй койгон учурлар бар. Андай убакта бизге соцпедагогдор, психологдор жардам берет.* Укук коргоочулар үй-бүлөдөгү зомбулукка сырттан кийлигишүү болгондо гана, аны азайтууга шарт түзүлөт деп эсептешет. Биз аялдын, балдардын ачуу ыйы угулуп жаткан үйдүн жанынан унчукпай өтүп кетебиз, чогуу иштеген кесиптешибиз бети-башы көгөрүп келсе, көрмөксөн болобуз.

"Демократиялык жараяндарды иликтөө борборунун" жетекчиси **Лариса Илибезованын** пикири боюнча, Кыргызстан эгемендик алгандан бери үй-бүлө институтуна көңүл бурулган эмес: - *Биздин үй-бүлөлөр эптеп жашап келишти. Эптеп үй-бүлөсүн, бала-чакасын багуу үчүн миграцияга кетишти, базарда отурушту. Бирок азыр үй-бүлөдөгү зомбулукка көз жуумп коюуга акыбыз жок. Биз аялдын, балдардын ачуу ыйы угулуп жаткан үйдүн жанынан унчукпай өтүп кетебиз, чогуу иштеген кесиптешибиздин бети-башы көгөрүп келсе, көрмөксөн болобуз. Ачка, алсыз карыяларга кайдыгербиз. Бала мектепке көгала болуп сабалып, кир кийими менен келсе, мугалимдер унчукпайт.*

Сканировано с CamScanner

*Врач үй-бүлөдөгү зомбулуктан азап тарткан бейтапка медициналык жардам гана көрсөтүп коет. Бирок мындай болбошу керек. Биз, коомчулук аралашып, кийлигишип, зомбулук көргөн адамдын ордуна күч органдарына арыз жазып, аларды азаптан куткаруубуз кажет.*

## Зомбулукту токтотууга 25 млн сом

Укук коргоочулардын маалыматы боюнча, "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо" жөнүндөгү мыйзамды иштетүү үчүн жылына 25 млн сом керектелет. Алардын айтымында. бул көп деле каражат эмес. Ушундай эле пикирди парламент депутаты, Социал-демократтар фракциясынын мүчөсү **Аида Касымалиева** да билдирүүдө. Депутат айым коомдо адамдардын укугу корголушу үчүн бул мыйзам долбоору ишке кирүүсү керек деп эсептейт: *- Мурда үй-бүлөдөгү зомбулук боюнча арызды жапа чеккен киши гана жаза алчу. Ал эми жаңы мыйзам боюнча зомбулукка күбө болгон ар бир адам милицияга кабарлап, арыз жазууга укуктуу. Милиция ошол арыздын негизинде иши карап, чара көрүүгө тийиш. Бул абдан чоң жылыш, өзгөрүү. 25 млн сом чындыгында көп каражат эмес, биздин Финансы министрлиги деле бул акчаны бөлүүгө даяр.*

## Зомбулук азайбай жатат

Өткөн жылы, 12-июлда Бишкек четиндеги жаңы конуштардын биринде 39 жаштагы келин күйөөсү бычактап салып, ооруканага түшкөн. Токмок жеп, денесинин бир нече жерине бычак тийген келин тууралуу милицияга №4 оорукананын дарыгерлери маалымдаган. Чүй облустук милициясы жабыркаган аял күйөөсүнүн үстүнөн арыздануудан баш тартканын белгилеген болчу.

Ал эми Ош шаарында 35 жаштагы келиндин бычакталган сөөгү үйүнөн табылган. Көп өтпөй, анын өлүмүнө себепчи болгон жарандык никедеги күйөөсү кармалган. Айрым маалыматтар боюнча, келинди күйөөсү дайыма токмоктоп жүргөн.

Укук коргоочулар үй-бүлөдөгү зомбулукка каршы күрөш күчөгөнү менен аялдардын запкы көрүүсү, өлүмү азайбаганын белгилешүүдө.

Ысык-Көл облусунда төрт баланын энеси өзүнө жана балдарына жети жылдан бери күн көрсөтпөй келе жаткан күйөөсүн бычактап өлтүрүп, камалып кетти.

Чүйдө өзүн дайыма токмоктоп жүргөн аракеч уулун балталап салган пенсионер карыя учурда абакта.

Таласта облустук сот жашы жете элек карындашын зордуктап жүргөн кишини 21 жылга эркинен ажыратты.

Расмий маалыматтар боюнча, акыркы эки жылда үй-бүлөдөгү зомбулукка байланыштуу 481 кылмыш иши катталган. Анын ичинен 36сы үй-бүлө мүчөлөрүнүн биринин өлүмү менен коштолгон.

Кыргызстанда катталган үй-бүлөдөгү зомбулук фактылары 2009-жылдан бери 30 пайызга көбөйгөн. Мунун ичинен 70 пайызга жакыны уруп-сабоо, 25 пайызы психологиялык басмырлоо жана 5 пайызы сексуалдык мүнөздөгү кордук болуп эсептелет. Жарандык активисттер зордук-зомбулук менен жашап келе жаткан үй-бүлөлөрдүн саны миңдеп саналарын айтышууда.

Сканировано с CamScanner

# Үй бүлөдөгү зомбулуктан аялдар жабыркайт

**Кыргызстанда жылына 12 миңден ашуун адам үй бүлөлүк зордук-зомбулукка кабылат. Ички иштер министрлигинин маалыматы боюнча зомбулукка кабылгандардын 95% аялдар. Мындай көрүнүштү азайтуу максатында, Жогорку Кеңеште тийиштүү мыйзам долбоору иштелип чыккан.**

"Кыргызстанда соңку кездери уруп-сабоо, мыкаачылык менен коштолгон үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук чындыгында абдан көбөйдү. Муну биз күн сайын интернеттеги түрдүү сайттардан окуп, көрүп жатабыз. Күн сайын зомбулукка байланыштуу сайттарга куру дегенде 3-4 маалымат чыгат. Азыр "үй" деген "коопсуз" жайга айлангандай. Адамдар эл арасында, кызматта жүргөндө маска кийип, абдан сыпайы жүрүшөт. Үйгө келгенде "өзүмдүн үй-бүлөм, өтүгүмдү торго илем" дегендей болуп, өлтүрсөм койсом өзүм билем дегендиктен ар кайсы окуялар чыгып жатат", - дейт үй-бүлөдөгү зомбулукка кабылгандарды социалдык коргоого алуу тууралуу мыйзам долбоорунун жетекчиси, ЖК депутаты Таалайгүл Испканува.

Ички иштер министрлигинин маалыматына ылайык, Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулукка туш болгондордун 95% аялдар. Атап айтканда, кызыл камчы жолдошунан таяк жеп көзү-башы көгөрүп жүргөн аялдар миңдеп саналат. Бирок анын баары эле ачыкка чыга берүүдөн тартынат.

Өлкөдө үй-бүлөдөгү зордук-зомбулукка каршы мыйзам 2003-жылы кабыл алынган. Ага ылайык, жогорку жаза - аялга зордук-зомбулук көрсөткөн эркек беш жылга эркинен ажыратылат. Бирок бир да эркек мындай жаза менен жоопко тартыла элек дешет байкоочулар. Мунун эң башкы себеби, аялдар ачуусу келип турган чакта арыз жазып, кайра бир-эки күндөн кийин арызын алып коюшат. Экинчиден, аялдар арыз менен кайрылган чакта да укук коргоо органдары тарабынан бул маселе аягына чейин чыгарылбай калган учурлар бар. Ал эми маалыматы болгондору кризистик борборлорго кайрылат. Кыргызстанда бул багытта иш алып барган 10дой кризистик борбор бар. Алардын бири "Сезим" кризистик борбору.

"Бизге кайрылган аялдар эң соңку, такыр эле жарабай калган учурда келишет. Аларды карап боорун ооруган учурлар көп. Көк-ала болуп же бир жери сынып гана келбестен, психологиялык жактан да болуп көрбөгөндөй жабыркап кайрылышат. Мамлекет бул жаатта алгылыктуу иш барса жакшы болмок. Көп жылдар бою басылбай келаткан көйгөй азаят беле", - деди аталган кризистик борбордун жетекчиси Бүбүсара Рыскулова.

Байкоочулардын айтымында үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук шаар жерине караганда айыл жерлеринде абдан басымдуу. Жада калса айыл жеринде аялга ырайымсыз мамиле жасоо нормалдуу эле көрүнүш катары каралган учурлар арбын. Андыктан элеттик аялдардын көпчүлүгү өз укуктарын коргоодо жардамга муктаж. Расмий маалыматтар боюнча, өткөн жылы миңдеген аялдарга зордук-зомбулук болгон, акыркы беш жылда он миңден ашык үй-бүлө ажырашып, жалгыз бой аялдардын саны көбөйгөн.

Мындан эки жыл мурда "Жабыркаган бир үй бүлө мамлекетке канча каражат зыян келтирет?" деген долбоор өлкөнүн акыйкатчы институту менен эл аралык уюмдар тарабынан иштелип чыккан. Алар "Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун аягы өлүм менен аяктаган бир учурду изилдеп көргөн. Анда ооруканадагы дарыгерлердин айлыгы, анализдердин суммасы, он төрт жылга кесилген адамдын тамак-ашы жана башкалардын каражаттары кошулган. Иликтөөнүн жыйынтыгы, бир үй-бүлөдөгү чыр үчүн мамлекет 1 жарым млн сом акча зыян тартары аныкталган.

Ошентип, Кыргызстанда аял укугун билиши керек, ал коргоого муктаж деген сыяктуу пикирлер жаап жаткан чакта, казан-аяк кагышат деп, уруш-талаштарды нормалдуу көрүнүш катары баалагандардын катары дале болсо калың.

Сканировано с CamScanner

## ВСЕГО ЗА 2019 ГОД ЗАРЕГИСТРИРОВАНО

**6145**

СЛУЧАЕВ СЕМЕЙНОГО НАСИЛИЯ.
ИЗ НИХ ЖЕРТВАМИ СТАЛИ:

**5659** ЖЕНЩИН

**486** МУЖЧИН

**169**

ИЗ НИХ ЖЕРТВАМИ СТАЛИ:

**88** ДЕВОЧЕК

**81** МАЛЬЧИК

## ЧТО ДЕЛАЕТ ГОСУДАРСТВО?

СОГЛАСНО ЗАКОНУ ОБ ОХРАНЕ И ЗАЩИТЕ ОТ СЕМЕЙНОГО НАСИЛИЯ ПОСТРАДАВШИМ ВЫДАНО **5355 ОХРАННЫХ ОРДЕРОВ.**

**В 790 СЛУЧАЯХ** ДЕЙСТВИЯ ОХРАННЫХ ОРДЕРОВ БЫЛИ ПРОДЛЕНЫ.

**ОХРАННЫЙ ОРДЕР** – ЭТО ДОКУМЕНТ, КОТОРЫЙ ПРАВООХРАНИТЕЛИ ВЫДАЮТ ЖЕРТВЕ В ТОМ СЛУЧАЕ, ЕСЛИ В СЕМЬЕ ЗАРЕГИСТРИРОВАН ФАКТ СЕМЕЙНОГО НАСИЛИЯ. ОН ЗАПРЕЩАЕТ НАСИЛЬНИКУ ПРИБЛИЖАТЬСЯ К ЖЕРТВЕ В ТЕЧЕНИЕ ШЕСТИ МЕСЯЦЕВ.

## ИЗ 6145 ФАКТОВ СЕМЕЙНОГО НАСИЛИЯ

**649** ФАКТОВ ЗАРЕГИСТРИРОВАНО В ЕДИНОМ РЕЕСТРЕ ПРЕСТУПЛЕНИЙ И ПРОСТУПКОВ

**+5496** ПРОСТУПКОВ

**451** ПРИЧИНЕНИЕ МЕНЕЕ ТЯЖКОГО И ТЯЖКОГО ВРЕДА ЗДОРОВЬЮ

**4** ПО СТАТЬЕ УБИЙСТВО

**6** ИЗНАСИЛОВАНИЕ И НАСИЛЬСТВЕННЫЕ ДЕЙСТВИЯ СЕКСУАЛЬНОГО ХАРАКТЕРА

Сканировано с CamScanner

## Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук: кантип күрөшүү керек?

Бүгүнкү күндө үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук маселеси Кыргызстанда гана козголгон жок. Серепчилердин айтымында үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук глобалдык мүнөзгө ээ.

Жыл сайын 25-ноябрда дүйнө жүзүндө гендердик зордук-зомбулукту токтотууга арналган эл аралык күн белгиленет.

Буга байланыштуу Кыргызстанда да "Айта баштайлы" деген аталыш менен 16 күндүк кампания старт алат. Ал үй-бүлөлөрдөгү зордук-зомбулукту токтотууга, анын курмандыгы болсоңуз укук коргоо органдарына кайрылуу керектигин пропогандалоого, жардам берүүгө багытталган.

Бул иш-чара 10-декабрга чейин өтүп, ал коомчулукту аталган көйгөйгө кайдыгер болбоого чакырат. Ошондой эле укук коргоо органдары жана социалдык кызматкерлердин көңүлүн буруу менен коргоо механизмдерин иштеп чыгууга багытталат.

Эл аралык серепчилер Кыргызстанда бул багытта күчтүү мыйзамдык база бар экендигин, бирок ал толук иштей албай жаткандыгын, эң биринчи эле себеп, бул жабыркаган адамдардын пассивдүүлүгү менен байланыштырышкан. Алар жабыркоочулар көп учурда укук коргоо органдарына кайрылышпастан, зордук-зомбулук турмушка чыдап жашап же болбосо ажырашып кетип жаткандыгын белгилешкен.

2009-жылы да бул багытта республиканын бардык аймагында "Аялдардын укугу – бардык адамдын укугу" аттуу маалыматтык кампания жүргөн. Анын алкагында ар кыл теледебаттар, ток-шоу, тегерек стол, мектептерде, ЖОЖдордо лекция, семинарлар уюштурулган. Баардыгы болуп акция 400 миңден ашык адамды камтыган.

Үй-бүлөлүк зордук-зомбулук дейбиз, а үй-бүлө деген эмне? Үй-бүлө - бири - бири мене байланышы бар адамдардын тобу. Бул топтогу адамдардын укугу бир, "мен эркекмин, мен акча табам, мен өзгөчө укуктарга ээмин, менин айтканым бул үйдө "мыйзам", укуктарым аялдыкына караганда жогору" деген эркектер да жок эмес.

### Кризистик борборлор

Республикадагы кризистик борборлордун Ассоциациясынын президенти Александра Елиференко Кыргызстанда 10 кризистик борбор бар экендигин, анын экөө Бишкекте жайгашкандыгын билдирди. Анын айтымында 10 кризистик борбор Кыргызстан үчүн өтө эле аз.

"Литва Кыргызстанга салыштырмалуу калкы жагынан бизден аз, бирок ал жакта кризистик борборлордун саны 40тан ашат. Ал эми Лондондо 90 борбор бар, алар аялдарга, балдарга, мигранттарга, адам сатуунун курмадыгы болгон адамдарга багыттылган. Мындай борборго жапа чеккен атуулдар муктаж, бул жерде алар өзүн коопсуздукта сезип, анын адистери кризистен чыгууга жардам берет. Бизде жылына кризистик борборлорго 10 миңден ашык адам кайрылат", - деди ал.

А.Елиференко "мен үй бүлөө башчысымын" деп, аял укугун эң аркыркы орунга коюп, "ал үй ишин кылат, бала тарбиялайт ал кымбат кийим - кечени эмне кылат, эч жакка чыкпайт" деп психологиялык кысым көрсөткөндөр да көп экендигин айтты.
Бул көрүнүш айыл жергесинде көп кездешет. Ошондуктан аны менен күрөшүүшүбүз керек. Күйөөсү сыяктуу эле аял да тең укукта. Аялдар эркектерге караганда үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка көп кабылышаары жана көп учурда алар эч бир күч структураларына кайрылбай көмүскөдө калгандыгы аныкталган. Алар күйөөсүнө каршы арыз жазууну, милиция кызматкерлерине кайрылуудан баш тартышат. Көп укук бузуулар үй-бүлөдөн сыртка чыкпагандыктан, аял кишинин адамдык укугун бузгандар мыйзам чегинде жазалануудан четте калууда.

Сканировано с CamScanner

күнүнө жүзгө жакын аялдар зордук-зомбулукка, психологиялык кысымга, экономикалык жактан чектөөлөргө кабылат. Анын 75 пайызы үй-бүлөдө болот. Жылына кризистик борборлорго 10 миңден ашык кыз - келиндер кайрылат. Алар психологиялык жардам, баш калкалоого жай жана ар кыл юридикалык консультацияларды, кеңештерди алышат", - деди "Сезим" кризистик борборунун директору Бүбүсара Рыскулова.

Ал быйыл Ош окуялары болуп жаткан маалда Бишкекке атайын учактар менен жабыркаган аялдар, балдар келгендигин айтты. "Алар июнь коогалаңынын курмандыктары. Баардыгы болуп биз 25 аялды балдары менен кабыл алып, психологиялык жардамды көрсөттүк. Мындай учурда профессионал адистердин жардамы керек. Биз Ош жергесинде болуп, өз жардамдарыбызды көрсөттүк", - деди ал.

**Турмушу бузулган аялзаты**

Акыркы маалыматтар боюнча, республикабыздын абак жайларында кармалган аялдардын 80 пайызы КР мыйзамынын "киши өлтүрүү, кол салуу" беренеси боюнча соттолгондор.

Серепчилердин айтымында аял киши чыдамкай болот, көп учурларда алар үйдөгү кысымды, зордук - зомбулукту сыртка ташыбай, эч бир укук коргоо органдарына кайрылбай, ошол көрүнүш менен жашап жүрө берет. Алар мындай стресстерден кийин психологдорго да кайрылбайт, аягы келип стресстин жыйынтыгында, ал зордук көрсөткөн адамга жооп кайтарат, көпчүлүк учурларда мындай кол салуулар өлүмгө алып келет. Күндөн күнгө уруп-токмоктоого дуушар болгон аялда коргонуу инстинкти пайда болот да, аффектик абалда ар кандай күтүлбөгөн кадамдарга барышы мүмкүн.

**Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун курмандыгы аялзаты гана эмес...**

Үй-бүлөлүк зордук - зомбулуктун курмандыгына 58 пайыз аял кабылса, 18 пайызы жаш балдар жана 13 пайызы кары-картаңдар,7 пайызы эркектер.

Мисалы жумушу жок үйүнөн куулуп калгандар, балдары менен тил табышпаган эркектер да бар. Республика боюнча Жалал-Абад шаарында гана эркектер үчүн кризистик борбор иш алып барат. Бул борборго жашоонун ар кыл кыйынчылыктарына туш болгон эркектер кайрылат.

Андыктан психологиялык, моралдык жардам аялдарга гана эмес, эркектерге да керек. Аял киши көп учурда стресстерди курбусуна айтып, чогуу иштеген кесиптештери менен бөлүшөт, ал эми эркек киши өзүндө сактап жүрө берип, жыйынтыгында алкоголдук ичимдиктерге, баңги затына берилип кетет.

Кыргызстан эгемендүү демократиялык өлкө, адам укуктарын коргогон бир топ институттар бар, Женева Конвенциясына киребиз.

Ар бир кылмыш мыйзам чегинде жазаланып, күнөөлүүлөр сот алдында жооп бериши керек.

Сканировано с CamScanner

**Х. Жээнбаев атындагы мектеп лицейинин соцпедагогу, класс жетекчилер тобу "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө»** программасынын негизинде иш чаранын токтому

14. 02.2020 - жыл. Бостери айылы

**Катышкандар:**

1. Бостери а/ө караштуу аялдар кеңешинин төрайымы Чылпакова Б.Ч.
2. Бостери а/ө соцкызматкеринин оорун басары Усубалиева В. Ж.
3. Бостери айылына караштуу ПОМдун инспектору Сопуев Т.К.
4. Х. Жээнбаев мектеп – лицейинин директору Сулайманов Ж.М.
5. Х.Жээнбаев мектеп – лицейинин тарбия завучу Мамбетбаев М.Б.
6. Х. Жээнбаев мектеп – лицейинин соцпедагогу Молдоева Г. Б.
7. Ата – энелер.
8. Мектеп – лицейинин жааматы.
9. Мектеп – лицейинин окуучулары

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. КР мыйзамы "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө».
2. Үй-бүлөдөгү зордук – зомбулук: кантип күрөшүү керек?

**1.Х. Жээнбаев мектеп – лицейинин директору Сулайманов Ж.М.** төмөнкүлөргө токтолду:
**Кыргызстанда жылына 12 миңден ашуун адам үй бүлөлүк зордук-зомбулукка кабылат. Ички иштер министрлигинин маалыматы боюнча зомбулукка кабылгандардын 95% аялдар. Мындай көрүнүштү азайтуу максатында, Жошорку Кеңеште тийиштүү мыйзам долбоору иштелип чыккан.**

"Кыргызстанда соңку кездери уруп-сабоо, мыкаачылык менен коштолгон үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук чындыгында абдан көбөйдү. Муну биз күн сайын интернеттеги түрдүү сайттардан окуп, көрүп жатабыз. Күн сайын зомбулукка байланыштуу сайттарга куру дегенде 3-4 маалымат чыгат. Азыр "үй" деген "коопсуз" жайга айлангандай. Адамдар эл арасында, кызматта жүргөндө маска кийип, абдан сыпайы жүрүшөт. Үйгө келгенде "өзүмдүн үй-бүлөм, өтүгүмдү төргө илем" дегендей болуп, өлтүрсөм койсом өзүм билем дегендиктен ар кайсы окуялар чыгып жатат. Ички иштер министрлигинин маалыматына ылайык, Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулукка туш болгондордун 95% аялдар. Атап айтканда, кызыл камчы жолдошунан таяк жеп көзү-башы көгөрүп жүргөн аялдар миңдеп саналат. Бирок анын баары эле ачыкка чыга берүүдөн тартынат.

Өлкөдө үй-бүлөдөгү зордук-зомбулукка каршы мыйзам 2003-жылы кабыл алынган. Ага ылайык, жогорку жаза - аялга зордук-зомбулук көрсөткөн эркек беш жылга эркинен ажыратылат. Бирок бир да эркек мындай жаза менен жоопко тартыла элек дешет байкоочулар. Мунун эң башкы себеби, аялдар ачуусу келип турган чакта арыз жазып, кайра бир-эки күндөн кийин арызын алып коюшат. Экинчиден, аялдар арыз менен кайрылган чакта да укук коргоо органдары тарабынан бул маселе аягына чейин чыгарылбай калган учурлар бар. Ал эми маалыматы болгондору кризистик борборлорго кайрылат. Кыргызстанда бул багытта иш алып барган 10дой кризистик борбор бар. Алардын бири "Сезим" кризистик борбору.

Сканировано с CamScanner

"Бизге кайрылган аялдар эң соңку, такыр эле жарабай калган учурда келишет. Аларды карап бооруң ооруган учурлар көп. Көк-ала болуп же бир жери сынып гана келбестен, психологиялык жактан да болуп көрбөгөндөй жабыркап кайрылышат.

Мамлекет бул жаатта алгылыктуу иш барса жакшы болмок. Көп жылдар бою басылбай келаткан көйгөй азаят беле", - деди аталган кризистик борбордун жетекчиси Бүбүсара Рыскулова.

**Х. Жээнбаев мектеп – лицейинин соцпедагогу Молдоева Г. Б.:** Байкоочулардын айтымында үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук шаар жерине караганда айыл жерлеринде абдан басымдуу. Жада калса айыл жеринде аялга ырайымсыз мамиле жасоо нормалдуу эле көрүнүш катары каралган учурлар арбын. Андыктан элеттик аялдардын көпчүлүгү өз укуктарын коргоодо жардамга муктаж. Расмий маалыматтар боюнча, өткөн жылы миңдеген аялдарга зордук-зомбулук болгон, акыркы беш жылда он миңден ашык үй-бүлө ажырашып, жалгыз бой аялдардын саны көбөйгөн.

Мындан эки жыл мурда "Жабыркаган бир үй бүлө мамлекетке канча каражат зыян келтирет?" деген долбоор өлкөнүн акыйкатчы институту менен эл аралык уюмдар тарабынан иштелип чыккан. Алар "Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун аягы өлүм менен аяктаган бир учурду изилдеп көргөн. Анда ооруканадагы дарыгерлердин айлыгы, анализдердин суммасы, он төрт жылга кесилген адамдын тамак-ашы жана башкалардын каражаттары кошулган. Иликтөөнүн жыйынтыгы, бир үй-бүлөдөгү чыр үчүн мамлекет 1 жарым млн сом акча зыян тартары аныкталган.

**Чечим:**

1. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө иш чаралардын өткөрүлүшүн класс жетекчиге, соцпедагогго милдеттендирилсин.
2. Ар кандай кырдаалга туш болгон үй – бүлө жана окуучу менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы тарбия завучка, класс жетекчиге жана соцпедагогго милдеттендирилсин.

Х. Жээнбаев мектеп – лицейинин директору Сулайманов Ж.М.
Х. Жээнбаев мектеп – лицейинин соцпедагогу Молдоева Г.Б

Сканировано с CamScanner